**ТОКУШ ЧОЛПОНБАЕВ**

# СУЛТАН ИБРАИМОВ

**(Ода-даңаза)**

Ош – 2014

*Мамлекеттик ишмердин жүрөгү башында болуш керек.*

*Напалеон*

ББК 84 Ки 71
Т-77

© Т.Чолпонбаев



# СУЛТАН
## (Ода-даңаза)

*Кыргыздан чыккан эр элең,*
*Кыргыз үчүн дем элең.*
*Кыргызмын деп иштеген,*
*Кыргызга бийик бел элең.*
*Кыштакта, шаарда өзгөргүс,*
*Кыргыз сүйгөн шер элең.*

*(Автордон)*

Ардактуу тоом Суйлайман,
Арманым жок кылайган.
Адамдыкка жеткирди,
Адырыңдагы буудай нан.

Он жыл туура иштедим,
Оорубастан эч жерим.
Оолуккан жокмун кенедей,
Оюмдай өтүп кечтерим.

Бюрону туура башкардым,
Берер күндү катка алдым.
Башты туура иштетип,
Балекеттен сактандым.

Оштун жерин сыйладым,
Оңолсо деп туйладым.
Жакшылыгын жаттадым,
Жамандыгын туйбадым.

Кыштагын көрдүм зерикпей,
Кымындай да эркибей.
Жоон-ичке арызга,
Жооп бердим терикпей.

Ар күнүм өттү жакшына,
Отурдум таза тактыга.
Багымды издеп күзгүдөн,
Барганым жок бакшыга.

Так аткарып буйрукту,
Тапшырчу элем сыйлыкты.

Жүздөрүнөн Оштуктун,
Жегендей болчумун куйрукту.

Талаада эле чалдары,
Таануучу мени балдары.
Кыздары баары жумушта,
Келиндер баары калганы.

Өпкөм деп мени сезишпей,
Адам деп мени билишчү.
Аймагы Оштун Суке деп,
Арыз менен киришчү.

Айылдык сууну кечкемин,
Арыздын баарын чечкемин.
Алардын тийип батаасы,
Ак үйдү карай өскөмүн.

Көп сүйүнүп түшүмдө,
Көпкөнүм жок ишимде.
Батыш менен чыгыштай,
Бар эле көп ой ичимде.

Аткарган ишим топ эле,
Алдыда план көп эле.
Аймагында Ошумдун,
Айтканым айткан сеп эле.

Алсыратып күчүмдү,
Албарсты бузуп түшүмдү.
Ак уй мени чакырып,
Ажалдын суусун ичирди.

Колкомо батпай жүрөгүм,
Колумдан ыргып күрөгүм.
Апталап улам тынбастан,
Тарта берди илебим.

Тилин албай аялдын,
Түбүнөн көрдүн жай алдым.
Айтайын кыска ыр менен,
Армандуу ушул Баяндын.

Ажалым жетип күн бүттү,
Айталбайм сөздү тил бүттү.
Алданып калдым канкорго,
Абазым жок үн бүттү.

Ыйлабагыла балдарым,
Көрдүн башка салганын.
Акыреттик жалжалым,
Аман болсун жандарың.

Билем кимдин атканын,
Билем каным акканын.
Улуту бөлөк канкорум,
Узабайт эми  сактануун.

Өздөрүнчө толкушуп,
Өлүмдөн алар коркутуп.
Өлүмсүз жарык дүйнөдө,
Өткөнүн көрөм коркутуп.

Тирүүлөй элден өлөсүң,
Тирүүлөй өлүк элесиң.
Темтейип колду көтөрүп,

Талашы жок келесиң.
Ажалы жетип келишет,
Аргасыз колун беришет.
Ак караны ошондо,
Акыл менен сезишет.

Бас деген жакка барышат,
Моюндарына алышат.
Өлтүргөндү ошентип,
Өзгөчө чокко салышат.

Алардын отко күйгөнүн,
Алейне туруп көрөбүз.
Бейиштеги адамдар,
Баягыдай элебиз.

Түштүк мени чоң кылды,
Түндүк мени кор кылды.
Ажалга жолуктурууга,
Адамдарды тор кылды.

Ал ажал мени чырмады,
Алдына жердин сумдады.
Түбөлүк сөөктө сакталат,
Түндүгүмдүн кыганы.

Кайда барам көнөмүн,
Кайдан издейм бөлөгүн.
Бар болгула Оштуктар,
Баягыдай элемин.

Ыйыгым тоом Сулайман,
Ар дайым сага таяныл,

Алла деп айтып аянып.
Аткарылды ойлорум,
Айтканым турду жай алып.

Көңүлдүү өттү мүнөтүм,
Көөнөрбөй бузбай иретим.
Көңүлүң болсо кушубак,
Көөңүлүм жеңил жүрөмүң.

Саатым өттү кубанып,
Санаркабай тунарып.
Үмүтүмдү турмушка,
Үлгүлүү турду чыгарып.

Күндөрүм өттү билинбей,
Күн тузакка илинбей.
Жайнады болгон турпатым,
Жайлоонун кызыл гүлүндөй.

Айларым өттү сүйүнүп,
Алмасын мага ийилтип.
Ал Султан ырыскыны деп,
Аппак тонун кийинтип.

Жылдарым өттү жыргатып,
Жан дүйнөмү ырдатып.
Жанымды үрөп иштедим,
Жаталбай кээде түн катып.

Эрте турам жаңылбай,
Эч нерсеге багынбай.
Көңүлүм болду апачык,
Көк келегн мөңгү карындай.

Үзбөй ичем чайымды,
Үзбөй карайм айылды.
Сур тарткан сулуу кыштактар,
Сурагансыйт жайымды.

Жөө келемин ишиме,
Иштер батпайт ичиме.
Ар убак жүрдүм сүйүнүп,
Ак тоолор кирип түшүмө.

Коргойбуз дешет жуп туруп,
Короомо шыбыш уктуруп.
Келебиз бирдей кептешип,
Калабыз сөздө куп туруп.

Бөлмөмө кирип олтурам,
Болчу ишке кол сунам.
Колтугума, койнума,
Кубанычты толтурам.

Арыздар келет жүздөгөн,
Адамдыкка түздөгөн.
Таалайлуу болор белем дейт,
Таанышсам эгер сиз менен.

Аргасыз күлөм жылмайып,
Алдагансып жел кайык.
Адам кылат турбайбы,
Ана ошентип эл кайып.

Көбүнчө шифер сурашат,
Көркөмдөп сөздү курашат.

Кандай сөз айтсам түштүктүк,
Капа болбой ынашат.

Арызды аппак карадым,
Айтам сурап жарагын.
Туу минип жүрүп өткөрдүм,
Түштүгүмдүн заманын.

Карыдан алдым ырахмат,
Баарынан алдым ырахмат.
Кубангандан күүлөнүп,
Куштарым учту кылактап.

Өзгөчө көрүп жаштары,
Өзгөчө тартты каштары.
Жаңы төрөлгөндөрдүн,
Султан болду аттары.

Чачыман көп иштерим,
Чайнап чөптү иттерим.
Адаштырбай жолумдан,
Аткарылды күткөнүм.

Бүтпөгөн ишим дагы бар,
Бүтпөй калган чагы бар.
Бүтпөгөндөн бөлүнүп,
Бүткөн иштин багы бар.

Барбаган жерим калган жок,
Барбаска дагы аргам жок.
Баарын төкпөй айтышат,
Барган жерде жалган жок.

Султан келди дегенде,
Суусагандай жүгүрөт.

Опол тоодой кадыры,
Ошол жерде билинет.

Сүйлөшүп жылуу эл менен,
Суктанып кайтат жер менен.
Ар кыл бурчка барбасын,
Ак пейили кел деген.

Жөнөкөйлүгүн Султандын,
Тартуу кыйын сүрөттөп.
Бешикте бала туюнат,
Бек абам Султан келет деп.

Жарманы ичкен чыныллап,
Жакшы кабар угулат.
Жакшы адамдар келатса,
Жакшылыктар урунат.

Жакшынын жакшы сапары,
Жакшынын жакшы катары.
Жарандарга белгилүү,
Жакшылык ишке ашары.

Түштүктүн билип булагы,
Түштүктүн тийип чырагы.
Түптүз болуп жетилди,
Султандын тиккен чынары.

Тамшанып ичти жармасын,
Султанды кудай жалгасын.
Ишиңде Суке ийнедей,
Кара чекит калбасын.

Он жыл ичип кымызды,
Ооматты элге жугузду.
Омоктуу жумуш кылганын,
Олукпастан угузду.

Сыймыгы сыкпай бетине,
Сыйлыгы сыкпай төшүнө.
Күндө бирден жаңылык,
Кошула берди эсине.

Эси байып сел болду,
Эң сүйгөнү эл болду.
Даражасын ашырган,
Даңктуу бүткүл жер болду.

Майлуу болду үстөлү,
Маара болду күткөнү.
Бардык элге жакты бейм,
Бардык ишти бүткөнү.

Алтын пикир табышып,
Алтын сөздү жабышып.
Султандын дайым сунушу,
Орун тапты ак ичип.

Оштун болуп башчысы,
Орун алды тактысы.

Аралады аймакты,
Ат башындай бактысы.
Оштун эли сүйчү эле,
Ойloруна түйчү эле.
Оштун жеке элине,
Оштон артык күйчү эле.

Тууган болуп калды эле,
Туш-тушуна барды эле.
Аймагында Пиримдин,
Ай толгондой жанды эле.

Күн эле тийген журтума,
Куп толчу элдин кулпуна.
Айраң карап калышчу,
Адамдан артык тулкуна.

Бар болгонун айталык,
Басчу эле чайпалып.
Калк үчүн туулгандыгы,
Калды даана байкалып.

Деңиздей эле кеңири,
Демек жыргап көңүлү.
Манасы деп чоңдордун,
Мактап жүрдүк тегиңи.

Бакка бассаң жарашчу,
Батыш-чыгыш карашчу.
Суктанышып көргөндөр,
Султаным деп талашчу.

Таӊ калчу элек сөзүнө,
Таӊ аткандай кезине.
Тандап туруп тумарды,
Таккан экен өзүнө.

Алладан буйрук болгонбу?
Акылына толгонбу?
Көкүрөгүн көтөргөн,
Көп эле көрдүк чоӊдорду.

Султан катчы башка эле,
Суу чайкаган кашка эле.
Суктанышчу көргөнү,
Суу бүркүттөй басчу эле.

Бүркүт эле карасам,
Бүткөн бою Арашан.
Бүгүн да турат өзгөрбөй,
Бир жолку айткан тамашаӊ.

Атка минсе жарашчу,
Аӊкайып эл карашчу.
Анык адам экен деп,
Айраӊ калып тарашчу.

Көрсөм деген көрбөгөн,
Көлдөй толкуп эл деген.
Жуурулушуп иштечү,
Жумушунда эл менен.

Кандай жерге барбасын,
Кандай жерде калбасын.

Койнуна алчу бекитип,
Кандай адам жандасын.

Дүйнөсү эрип турчу,
Дил сырын көрүп турчу.
Менмин деп көтөрүлбөй,
Мээримин төгүп турчу.

Жөнөкөйлүгү агып турчу,
Жүрөктөргө жагып турчу.
Жүрөктөгү максаттарды,
Жүрөгүнө багып турчу.

Адамдарга жагып келген,
Алтын сөзүн тагып келген.
Адашпастан Султанга,
Алтын бакыт алып келген.

Келген бакыт кемибеген,
Тең жашаган эли менен.
Жадабастан бооруна алып,
Жашап калды теңи менен.

Оомадыны бөпөлөгөн,
Ого бетер көкөлөгөн.
Элге жагып Ибраимов,
Эмгек жолу эселеген.

Жакшы дешет уккандары,
Жабыла жолго чыккандары.
Адамдыгы бийик дешет,
Ибраимовду уккандары.

Оштун билет картасын,
Оштун көрүп арпасын.
Оштун көздөй жаранын,
Ош Сулайман алкасын.

Ибраимов Султанды,
Ош Сулайман жөлөдү.
Султандай иштей албады,
Суктандырып бөлөгү.

Өзүнүн кызматкерлери,
Он жыл бою сыйлады.
Жакшылыгын нак көрүп,
Жамандыгын туйбады.

Баары жүрдү макташып,
Балакеттерден акташып.
Жакшы сабак алышты,
Сары майдай сакташып.

Айыл жери билишти,
Алкап көпкө жүрүштү.
Жүрөккө жакын киши деп,
Жүрөгүнө түйүштү.

Оштун жери калган жок,
Таанытбаган, билбеген.
Олдо деген адам жок,
Ош катчысын сүйбөгөн.

Ошум, Ошум өссүн дейт,
Ойлоруна жетсин дейт.

Ошумун тапшырмалары,
Областтардан өтсүн дейт.
Аткарылып ойлору,
Ар жыл Оштук тойлоду.
Ак жүрөктүү Оштуктар,
Ат үстүндө ойноду.

Аткарылып пландар,
Айды чапчып уландар.
Айда, жылда сыйланды,
Ак эмгекчил чыгаандар.

Жыйынды өткөн жибектей,
Жүрөккө жакын сүрөттөй.
Ыраазы болду Султанга,
Ыйман чачкан мүнөттөй.

Султанды издеп достуктар,
Султанды сүйчү Оштуктар.
Султанды издеп учурчу,
Суйкайып учкан достук шар.

Адамды жаман көрчү эмес,
Ачуусу бир да келчү эмес.
Акыйкатсыз иштерге,
Азалии көңүл бөлчү эмес.

Түштүктүн көрүп зыйнатын,
Түгөл билип үй башын.
Жакын көрүп жандыкты,
Жатка билчү кой башын.

Төрт түлүктү иликтеп,
Төл алууну үгүттөп.
Толгон жетишкендикке,
Тобо кылчу күлүк тек.

Ошко Султан келгени,
Обододу эл деми.
Ого бетер күчөдү,
Оо дегенден эл деми.

Оштук берди пахтаны,
Ойлобогон  ташканы.
Ак жибекти чет элге,
Айыбы жок сатканы.

Буудай дагы көп болду,
Искирди тоодой чөп болду.
Султандын бардык айтканы,
Суф дегенде сеп болду.

Арпа батпай кырманга,
Айланды сап-сап ырларга.
Ыйманы элдин оңолду,
Ибраимов турганда.

Күрүчү Оштун  макталып,
Күн-түнү тынбай акталып.
Калгандары чет элден,
Кампада турду сакталып.

Жүгөрү батпай Сүкөнгө,
Аштык сыкпай дүкөнгө.

Ак нандарды ит жебей,
Айылда иштер бүткөндө.
Дүкөндө конфет тепселген,
Дүр этип турмуш өкчөлгөн.
Ибраимовдун тушунда,
Илгери жыргал кез келген.

Демейде жалкоо жоголду,
Дыйкандын иши оңолду.
Береке бийлеп талааны,
Берметтей күндөр торолду.

Сыйын төктү кошуна,
Сыйлык жаап Ошума.
Кел жууйбуз деп шылтолоп,
Күндө барам досума.

Ажайып кара түр болду,
Адыры Оштун гүл болду.
Кышында союп кысырек,
Көп үйлөрдө сүр болду.

Колу ачык жигит деп,
Колу ачык жигит көп.
Ичте-тышта сүйүшкөн,
Ибраимовдон үмүт көп.

Аткарылып үмүттөр,
Ай чапчыды жигиттер.
Айылдан баштап борбордон,
Сыйлык алды күлүктөр.

Султанга агып мактоолор,
Султанды колдоп жактоолор.
Сактап турду балээден,
Сарамжалдуу актоолор.

Султанды мактап карыя,
Султан деп акты дарыя.
Султандын адам экенин,
Сулуу Ош этти жарыя.

Жалпы Оштук мактады,
Жаратылыш жактады.
Атактуу Султан аталып,
Алга арыш таштады.

Он жыл Ошту башкарды,
Ойлогонун аткарды.
Оюу менен максаты,
Оңой эле такталды.

Иштин жайын түшүндү,
Ийгиликтүү бүткөрдү.
Ичинен койду жылмайып,
Илеп менен үтүрдү.

Илимге туура таянды,
Иштеп жаңы жай алды.
Ар жылына сыйланып,
Москвага бара алды.

Периштелер жандады,
Пейили болду ардагы.

Келе турган дөөлөттүн,
Көрүнүп турду ары жагы.
Султан аны туюунат,
Султанга кел-кел куюулат.
Алдастабай дөөлөткө,
Анан бетер жыйынат.

Султанды дөөлөт айланат,
Султан да ага байланат.
Эмгек десе эл десе,
Экөө бирдей шайланат.

Эмгек сырын билишет,
Элге суудай сиңишет.
Эрдемсинип бөлүнбөй,
Эл менен кошо жүрүшөт.

Адамды сыйлап башкача,
Абадан бетер таптаза.
Атагы Оштун таң калды,
Аравандык мактаса.

Ноокаттын эли сыйлашкан,
Жаңы- жаңы сыйды ачкан.
Султанга карай биринчи,
Суктанууну жыйнашкан.

Алайдан көргөн ызатты,
Алай деп колун узатты.
Алайды сүйгөн үйүм деп,
Алайга оомат түз акты.

Кара-Кулжа сүйүшкөн,
Бүт шляпа кийишкен.
Султан катчы келатса,
Бүт жумушка киришкен.

Өзгөндүк тосот жабыла,
Өзгөчө дүрбөп сагына.
Керемет киши Ош катчы,
Келгендей бүркүт табына.

Карсууга келгенде,
Карасууну көргөндө.
Калааты болуп эргичү,
Карасуу сыйлык жеңгенде.

Эргип тосчу элдери,
Жан жыргатчу келгени.
Жашоодо болсо кубаныч,
Жана бермек эр деми.

Карасуу жердин соорусу,
Ар кандай инсан тоорулчу.
Карасуу деп мактачу,
Каерде болсо жактачу.

Карасууга келчү баштап,
Карасууну турчу мактап.
Карасуудан көп сыйланчу,
Дыйкандарды Султан таптап.

Карасууга келген сайын,
Карасууну көргөн сайын.

Канат байлап катчы турчу,
Карасуулук жеңген сайын.
Карасуу байлык берет деп,
Карасуу баарын жеңет деп.
Кайманасы докко эсе,
Карасуу момун элет деп.

Ичинен Сукем ырдачу,
Ырдап алып жыргачу.
Көпкө дейре созулду,
Карасуу менен сырдашуу.

Ак пактанын арасы,
Ак куу барбы карачы.
Мазмуну мени эргитет,
Махабаттын талаасы.

Ак куну көрүп көздөрүм,
Ачылды күндөй сөздөрүм.
Жүрөгүмү козгоду,
Жүргөнү ошол кездерим.

Махабат оту жалындап,
Баардыгы ага багынмак.
Эки тарап куп болсо,
Эл орду деле табылмак.

Табылды орду түйүнү,
Табийгат коштоп ийиди.
Дагы эле турат эсимде,
Махабаттын чийими.

Тартканда мени махабат,
Тарт дедим дагы жакалап.
Сөксөм да кетпей жаныман,
Сөөгүм турду жакалап.

Кандай чөлкөм тоспосун,
Кандай жерде токтосун.
Карапайым эл дагы,
Катып берет боткосун.

Карасуулук чайкавна,
Кайра- кайра келиң дейт.
Суктандырат биздерди,
Султан сенин өнүң дейт.

Карасуунун кетмени,
Канча байлык өкчөдү.
Мекен үчүн мейли деп,
Мертилбеди эч жери.

Учурашса эл менен,
Уулусун дешет эл деген.
Карасуулук май завод,
Кана келиң көр деген.

Жалал- Абадды аралап,
Жалал Абаддыктар сагалап.
Келишине башчынын,
Кептердей учту достук шар,
Кетмени көккө сабалап.

Жаша деп колду чабышты,
Беттери оттой жанышты.

Сүйүктүү Султан катчыбыз,
Сүйүп келет ак ишти.

Катчынын колун кармашты,
Башкасы орун алмашты.
Башчыга жетпей калганы,
Бардык учур бар жакшы.

Көздөрү менен көрүштү,
Көздөрү менен өбүштү.
Бүтүндөй катчы тик туруп,
Бүтүрдү элге көп ишти.

Буудайык ат коюшту,
Буудай нанга тоюшту.
Катчы Султан турганда,
Кедейликти жоюшту.

Сапар алды Баткенге,
Саамалык бар Баткенде.
Оюн айтып жыйында,
Оңойбуз деди канткенде.

Баатырча жардам бериңиз,
Бат- бат катчы келиңиз.
Көп иштер бар бүтпөгөн,
Көзүңүз менен көрүңүз.

Ого эле көп ал деди,
Оңойбуз жаштар бар деди.
Өзүңүз берип жардамды,
Өндүрсө болот бал деди.

Киришпей келди эч кими,
Көбөйтсө болот эчкини.
Жер байытат жамааты,
Жетекчинин өткүрү.

Өрүгүбүз жагынан,
Өрт кеткенсийт жаныңан.
Кыргызда комуз чабылат,
Өрүгүбүздүн сабынан.

Дарылыгы жагынан,
Дүйнөгө тааныш абыдан.
Бир даалай акча алабыз,
Бир эле туура шагынан.

Баткенге Суке келипсиз,
Баткенге көңүл бөлүпсүз.
Батып калат баткакка,
Баткендиктер өрүксүз.

Кетменге жакын элденбиз,
Кетменге маани бергенбиз.
Илгертен ишкер аталып,
Ишке көңүл бөлгөнбүз.

Эрегишпей жүргөнбүз,
Эмгекти гана сүйөбүз.
Каерде эмгек кайнаса,
Кошулуп жалпы күбөбүз.

Сөзүңөрдү түшүндүм,
Суроо жооп менен бүтүрдүм.

Калың журтум Баткендик,
Карасы жок ичимдин.

Силер үчүн күйөмүн,
Силерди артык сүйөмүн.
Баткендиктерди ар убак,
Мисал кылып жүрөмүн.

Түштүк үчүн күйөмүн,
Түркүк болуп жүрөмүн.
Түштүктүктөр ооруса,
Туталанат жүрөгүм.

Сулайман того ырахмат,
Сурап турду кулактап.
Он жылкы менин ишимде,
Ойноп өттү жыл аппак.

Жөлөп турду Теңирим,
Жомоктой өттү өмүрүм.
Кадырлуу түштүк инсанын,
Калтырган жокмун көңүлүн.

Акжолтой болду үстөлүм,
Ак болду көргөн түштөрүм.
Чочутпастан денемди,
Чөп жеп турду иттерим.

Чалияр колдоп келмемди,
Периште колдоп бөлмөмдү.
Төрт тарабы жалаң беш,
Төп түшүрдү төлгөмдү.

Сөзүм турду сеп болуп,
Кебим турду эп болуп.
Баштаганда сөз кепти,
Башкалар калчу тек болуп.

Имаратым коргоду,
Ийри иштер болбоду.
Кемчилдиктер кеткенде,
Кызыр келип оңдоду.

Оңдогонун билемин,
Оңго кетти тилегим.
Эртеңки иштер тууралуу,
Эч болчу эмес күмөнүм.

Аткарууда кагазды,
Алган жокмун сөгүштү.
Аткарылганын алардын,
Акыйкаттап көрүштү.

Өйдөдөн келген көрсөтмө,
Аткарылды өзүндөй.
Аткарылды узатты,
Айдын ачык көзүндөй.

Туура жолду алганбыз,
Туура эмесин танганбыз.
Туура иштегендиктен,
Туу бетинде жанганбыз.

Жакшы иштөөгө канганбыз,
Жакшы жагын алганбыз.

Жакшы иштер чардактап,
Чар тарапка барганбыз.

Өнгөндү турдук өндүрүп,
Өз маалында көндүрүп.
Аласабызды аябай,
Алла турду бөлдүрүп.

Нааразылык жок болду,
Жумушчу этке ток болду.
Элдин дасторкондору,
Эркин болуп шок болду.

Дүңк эттирип аймакты,
Дүң түшүмдү жайнатты.
Бол дегенсип табийгат,
Булбул кушун сайратты.

Идеология иштери,
Имидж болуп күчөдү.
Түрткү берди жумушка,
Түшүндүрүү иштери.

Жепжеңил башкаргамын,
Жемиштүү аткаргамын.
Көпчүлүктүн арасында,
Кыргый куштай тапталгамын.

Катты жазды буйруктарды,
Кудай берди куйруктарды.
Анда –санда жеп турдук,
Алла берген куйруктарды.

Акылдуунун акылын угуп,
Арасына элдин чыгып.
Ак иштерди сүйлөп турдук,
Агын ак деп бийлеп турдук.

Айрымдарын тарап алдым,
Сапаттуусун карап алдым.
Сан миңдеген акылдардан,
Салмактуусун тандап алдым.

Ошту такыр унутпаймын,
Ош менен мен курут маймын.
Ош менен мен дагы айтам,
Оомадылуу ырыстаймын.

Ошум сүрөп келет,
Оо жанын үрөп келет.
Туш кылбайбыз шайтанга деп,
Туш тараптан тиреп келет.

Тирөөчүнү пайдаланам,
Тирүү бол дейт айдан аман.
Максатыңды тутунамын,
Маңдайымда жайдан аман.

Окуду доклад миңдеген,
Оңолуп түз жүр деген.
Сүрдөбөй туруп гүл менен,
Сүйлөшүүнү бил деген.

Улады укмуш өмүрдү,
Утуру улуу көрүндү.

Куп келиштириптир,
Кудай жасап өңүңдү.

Областын аймагы,
Оо дешип жайнады.
Оонго болгон дапдайын,
Областын байыганы.

Өң көзүн салып Москва,
Оң карады жакшына.
Облус жылдыз тагынды,
Он жывл чыгып астыга.

Күн да колдоп катчыны,
Күз да колдоп башчыны.
Күндө баркын байытты,
Күндө ашырып бактыны.

Беш салаадай билчү эле,
Областын эсебин.
Демек туткан эсине,
Деми соосун бечелин.

Төрт түлүк малды жат билген,
Тоого барса ат минген.
Дубандын эсеп-кысабын,
Дөө шаасын так билген.

Барбаган кыштак калбады,
Бардыгын элге арнады.
Жакшылыгын тастыктайт,
Жылына сыйлык алганы.

Кеңеш алып сопудан,
Китепти сүйүп окуган.
Түбөлүккө ыраазы,
Түптүү салттуу Ошунан.

Гезитти үзбөй караган,
Сукемдей болсо ар адам.
Ар кандай ишти бүтүрүп,
Ар жагын мурун самаган.

Макалды кошуп сүйлөсө,
Маарып угуп калчумун.
Мамлекеттик башчыдан,
Маданиятты алчумун.

Областык уюмда,
Областык жыйында.
Бир кишини какчу эмес,
ой жатат терең туюмда.

Жеке жеке тургузуп,
Болобу деп сураган.
Болот дешип чоңдоруң,
Султандын сөзүн улаган.

Жылдык бүтчү жибектей,
Кыдырчу өзү күн өтпөй.
Аткарылчу жумуштар,
Аппак сонун тилектей.

Кыдырат Султан дегенде,
Кызычу иштер өрөөндө.

Ыраазы болуп кайтчу эле,
Ырахат алып демейде.

Ишине келип отуруп,
Ийгилик бар деп чот уруп.
Ырдачу эле мекенди,
Радиосу кошулуп.

Жардамчысын чакырып,
Тапшырмасын берчү эле.
Үңүлүп иштеп отуруп,
Үйүнө кеч келчү эле.

Чайын ичип жайма жай,
Жакшылык күтүп айма ай.
Аткарылып күндөгү иш,
Айкалышчу байма бай.

Тазалыгы көрүнчү,
Тартиби менен өңүндө.
Такай ишке берилчү,
Табият берген сөөгүндө.

Жетекчилик канында,
Жетиштүүдөй жанында.
Жандап бирге жүрүшөт,
Жакшылыгы маалында.

Жүздөн ашкан жамааты,
Жүрөгүнүн канаты.
Аларга такай айтылчу,
Адамга керек санаты.

Жамаатты жакшы сыйлаган,
Жакшылыктарды жыйнаган.
Ибраим уулу Султанга,
Эч жамандык кыйбаган.

Ар бир кеби катчынын,
Мыйзам болуп сезилген.
ода жаздым алымча,
Он жылкы Ошто кезинен.

Каерге Суке барбайын,
Каерден кабар албайын.
Кап дешип сени макташат,
Кайыгы жанып аймагын.

Сиз кыдырган талаалар,
Сыздайт өңү карарып.
Пай-пай бекер кетти деп,
Басып өткөн аралык.

Оштук жолдор ыйлашат,
Бүгүн дагы эстешип.
Оо сезимди кыйнашат,
Султандын сөзүн кептешип.

Султандын жүргөн жолдору,
Суу тийгизбей колдоду.
Ошол бүгүн Оштуктар,
Оонатып алды олжону.

Тоолор колдоп Султанды,
Толгон пайда ултарды.

Жанга жакын адам деп,
Жакшы көрдү дыйканды.

Пахта талаа чакырган,
Барчылыкты ашырган.
Жолобо деп Оштукка,
Жокчулукту качырган.

Даана сезген боштукту,
Даана таанып Оштукту.
Демек турган сөзүндө,
Даңазалап Оштукту.

Бардык улут сүйүшкөн,
Бардык ишке киришкен.
Баскыла деп Сукебиз,
Баары ээрчип жүрүшкөн.

Бири артка чегинбейт,
Бири элден бөлүнбөйт.
Артагылар бир тобу,
Адамдыгын көрүң дейт.

Ашыра элди мактачу,
Ашар жолун жактачу.
Тээ алыскы жерлерге,
Тепчип тез- тез каттачу.

Керзи өтүк бутунда,
Келишет эле кышында.
Туу алат элең өнүнөн,
Туруп калсаң тушунда.

Галийфе шымы жарашып,
Калың журт жуп карашып.
Кандай укмуш адам деп,
Калчу эле талашып.

Пальтосун кара жупуну,
Пас карайсың утуру.
Таң калтырат Оштукту,
Такыбалуу ысымы.

Костюму деле арзандай,
Карачы турмуш ар кандай.
Ажайып тулку көрүнөт,
Ажыга бүгүн баргандай.

Коен тумак кийгени,
Көпчүлүк эл сүйгөнү.
Мен деп какпайт көкүрөк,
Мекен ишин сүйгөнү.

Эл деп элди кыдырат,
Элден акыл сыдырат.
Элге жагып катчыбыз,
Эл мингизет кызыр ат.

Эл деп күндө күймөнөт,
Элден көптү үйрөнөт.
Эрдиктерди жаратып,
Эл менен кошо бийик өт.

Билгенин Ошко арнады,
Билегин Ошко кармады.

Айтпасак деле белгилүү,
Айтылбай калган ары жагы.

Белин Оштун бекемдеп,
Мага жакын Мекен деп.
Ошто жүрүп Ошто иштеп,
Омадылуу кетем деп.

Тааны деп элди досуна,
Тапканын арнап Ошуна.
Таң калчу карап кыйлага,
Тандырда күйгөн отуна.

Тамшанып жазган катына,
Тамшанчу окуп атына.
Билгендердин түшүрчү,
Батыра албай кагазга.

Бийик болчу сабаты,
Билимдүү эле калаты.
Бир кымындай болбогон,
Билиминин талашы.

Ак отуруп демейде,
Арык канал дегенде.
Утуру сууну эстечү,
Утурлап оргуп көрөнгө.

Канча канал чыгарды,
Канча арык уланды.
Султан ишке ашырды,
Сөз болбогон буларды.

Колдон алып батааны,
Чөлдөн коруп катааны.
Катаалар тез жоюлду,
Колдоп кызыр оюнду.

Тоо шумкары сен элең,
Тоодон чыккан эр элең.
Толук сөздүн мааниси,
Тоо журтуна дем элең.

Жигит элең жибектей,
Жиби жибек билектей.
Энелер калды арманда,
Эх, балам деп бир өппөй.

# ОШТУКТАРДЫН ӨКҮРҮГҮ

Башчыбыздан айрылдык,
Катчыбыздан айрылдык.
Бардык керектөөлөрдү,
Тапчуубуздан айрылдык.

Акылыбыздан айрылдык,
Жакыныбыздан айрылдык.
Адамды бөлүп тааныган,
Асылыбыздан айрылдык.

Доорубуздан айрылдык,
Боорубуздан айрылдык.
Сонордой болуп сондолгон,
Соорубуздан айрылдык.

Көзүбүздөн айрылдык,
Сөзүбүздөн айрылдык.
Керемет болуп өткөргөн,
Кезибизден айрылдык.

Колубуздан айрылдык,
Жолубуздан айрылдык.
Оомадыга эрчиткен,
Өңүбүздөн айрылдык.

Сыйлыгыбыздан айрылдык,
Сыймыгыбыздан айрылдык.

Кыйындыкты жок кылган,
Кыймылыбыздан айрылдык.

Чырагыбыздан айрылдык,
Ынагыбыздан айрылдык.
Арык, канал чыгарган,
Мурабыбыздан айрылдык.

Ала- тообуздан айрылдык,
Ала- тообуздан айрылдык.
Көрүп турган душмандан,
Кара тообуздан айрылдык.

Кишибизден айрылдык,
Күчүбүздөн айрылдык.
Төө чудасындай,
Түшүбүздөн айрылдык.

Тилектештен айрылдык,
Жүрөктөштөн айрылдык.
Илгерилеткен ишибизди,
Илептештен айрылдык.

Кантип жерди оебуз,
Кантип жерге коебуз.
Ким аттырса Султанды,
Көзүн тирүү оебуз.

Аттырганды табабыз,
Анга тирүү салабыз.
Азыр карап тургула,
Ашкере өч алабыз.

Күмөн менен издейбиз,
Кирип үйүнө сиз дейбиз.
Үйүн кошуп өрттөйбүз,
Үйүнүн ордун түздөйбүз.

Аттырган киши сиз дейбиз,
Ababыз сизди биз дейбиз.
Артынан сизди көмөбүз,
Башка келсе көрөбүз.

Ажыдаар салып койнуна,
Алдырабыз мойнуна.
Уулдарды жок кылды,
Ушундай чоңдон  тойдук а.

Бардык жерде боштуктар,
Басылгыла Оштуктар.
Билалбай ким экенин,
Биз дагы кыйын болдук зар.

Бакырышып урушту,
Басылбай көпкө турушту.
Жасады деди чиновник,
Жалпыга суук бул ишти.

Оштуктар ыйлап басылды,
Ичпейбиз дешип ашыңды.
Белгисиз бир адамга,
Аш башчысы асылды.

Кайталанды өкүрүк,
Кыйкырышты төш уруп.

Короодо турган бир киши,
Койгула деди өтүнүп.

Көз жаштарын жыйнашты,
Кайрадан да ыйлашты.
Кыргыз аттуу биригип,
Жок кыйбайлыбы бир башты.
Бүгүн тынбай өкүрүк,
Келатат тынбай өкүнүп.
Оштон Султан кеткени,
Болгон экен чекилик.

Атта деп алдап кадамды,
Алдаган экен адамды.
Алиге согуп келатам,
Адам жеген заманды.

Бардык жагы бар эле,
Боло турган жан эле.
Бир ай аман турганда,
Бүт кыргызга хан эле.

Бийлик кыйды өмүрдү,
Былк эттирбей теңирди.
Ачылбай калды күнөөкөр,
Айтчы чынбы төгүнбү.

Жакшысы кетип жигиттин,
Жаманы калды жигиттин.
Ачуусун элдин келтирет,
Атылды деген үгүт күн.

Айтпай журтум бүгүн да,
Айтылбай бир күн үмүт күн.

Эң бийик эле руху,
Эң бийик эле жөндөмү.
Эл үчүн күйгөн жан эле,
Эч өчпөйт сыйлоо мендеги.

Жакшылыктын тынары элең,
Жакшылыктын чырагы элең.
Жан элең жакшы адамга,
Жарандардын ынагы элең.

Иш үстүндө тынбайт элең,
Ичке, тышка кымбат элең.
Ишти бүттүк дегенди угуп,
Ичтен сызып жыргайт элең.

Ибраимов келет десе,
Иштин баарын көрөт десе.
Илхам келчү уккандарга,
Ичтен укчу элет десе.

Адамдарды бөлбөйт элең,
Ак, карасын оңдойт элең.
Эки сунуш болгондо,
Эртеңкисин ойлойт элең.

Кеңири баамдап туюмду,
Келтирет эле жыйынды.
Кең өмүр эмне жараткан,
Келишкен инсан ыйыңды.

Ажалга кандай жеңилди,
Айран, сүттөй төгүлдү.
Аттиң деп калам жер чукуп,
Аздыгын эстеп өмүрдүн.

Ойнодук он жыл шахматы,
Оо кудай неге аксатты.
Оош-кыйыш күндөрдү,
Оодарып кетти максатты.

Чыгыштан чыккан күн эле,
Чынардай болуп тим эле.
Сыйлыкты берер мезгилде,
Сынып калдың тим эле.

Чарбаны чатагы жок башкарчу эле,
Чатырашай иштерди аткарчу эле.
Марага баш айлантпай так барчу эле,
Мамлекеттик ишти так аткарчу эле.

Жылуу көрчүү көздөрү,
Жылуу чыгып сөздөрү.
Ойдогудай өтчү эле,
Оштогу он жыл кездери.

Сыйлачу эле уюмду,
Сыйлачу эле кыйынды.
Союздун аймагында,
Кыйын жагы туюлду.
Колдочу эле билимди,
Коллективке билинди.
Көңүлдөрү көтөрүлчү,
Көргөндө Суке түрүңдү.

Дипломат эле чыныгы,
Дыйкандын эле кулуну.
Алдыртан эле билчү эле,
Ичтеги терең сырыңды.

Мыйзам эле дегени,
Мынча тунук эр өңү.
Окшошот өтө коендой,
Султанга дагы эл өңү.

Чабати бирге жетемин,
Человексиң дегемин.
Өтө чукур билчү эле,
Ойлордун учкул тереңин.

Мычкыма жасап бергемин,
Маанайын даана көргөмүн.
Байкап баамын калгамын,
Мамлекеттик деңгээлин.

Алдына каймак койгонмун,
Азыр да таза ойдомун.
Булганам дебей кыдырган,
Булганыч арык бойлорун.

Кызыл-Байракка келгенде,
Капчыгайды көргөндө.
Карагатты эңгенде,
Канат жайды көңүлү.
Бүлдүркөн, карагат тергенде,

Уул эле талбаган,
Уяттуу ишке барбаган.

Учурду тике түшүнүп,
Убадасын кармаган.

Таш, касакка албайлы,
Тамына кирип барбайлы.
Демократияны пайдаланып,
Демибиз сууп калбайлы.

Сен аттырдың дебейли,
Союп боорун жебейли.
Абийирин бүгүн төкпөйлү,
Аксакалдар сөкпөйлү.

Эмне үчүн атат кишини,
Жылкы тепкир ичиңи.
Бүгүн да тирүү сезилет,
Бүгүнкү сунуш бүтүмү.

Жүргөндүрсүң бейиште,
Жаттап кыргыз намысын.
Ачып окуп жаткандарсың,
Арбактардын арызын.

Оң жагына чечкендирсиң,
он миңдеген даттануну.
Ат жолуна салгандырсың,
Ак тилектүү башкарууну.

Жылт этип көрүнөсүң,
Жылдыздар арасынан.
Ай болуп бөлүнөсүң,
Ааламдын талаасынан.

Адам үчүн жаралгансың,
Акыл булак замандашым.
Анна сени көрө албастан,
Ак бейишке бара албасын.

Асан-Үсөн көрүнгөндө,
Асмандан нур бөлүнгөндө.
Ак булуттар ыйлап турду,
Ажалдан сен жеңилгенде.

Көрүнөсүң булактан,
Көрүнөсүң чырактан.
Көк деңизде сүзгөнсүп,
Көрүнөсүң ыраактан.

Көрүнөсүң чыгыштан,
Көрүнөсүң батыштан.
Кайран жигит Султанды,
Кандай адам атышкан.

Ошту Оштой башкарып,
Ого бетер макталып.
Москвадан, Бишкектен,
Олжолорду накта алып.
Эстелигиң Ошуңда,
Эскерет элиң сакталып.

Баалуу сөз айтып кишиге,
татыктуу эле ишине.
Атылды деген кара сөз,
Аралады дитине.

Аткарган ишиң оң болсун,
Аппак көргөн түшүнө.
Алла Таала күч берсин,
Алыска барчу ишиңе.
Адамдыгы тууралуу,

Айтып өттүм Кичине.
Ак кар менен келесиң,
А кдүйнөнү көрөсүң.
Ажайып күндү көргөндө,
Аттиң ай неге өлөсүң.

Жаз менен кошо келесиң,
Жайнатып жердин денесин.
Жан керек болсо алчы деп,
Жаныңды эмне бересиң.

Күзгө күбө болосуң,
Күн өпкөн тоого коносуң.
Ааламдын баарын көрүүгө,
Султан табат чолосун.

Кышты баштап келесиң,
Кыштай аппак элесиң.
Берген ошол Алланын,
Бейиште дагы төрөсүң.

Дагы эле катчыдайсың,
Дагы эле башчыдайсың.
Дагы эле Ала-Тооңо,
Дагы эле сакчыдайсың.

Тирүүсүң бүгүн биз менен,
Тилегин элге түздөгөн.
Керилтип жүктөп ак нанды,
Келесиң жылда күз менен.

Көрөмүн тоонун арасынан,
Көрөмүн кыргыз талаасынан.
Көтөрүп алып барып насипти,
Көпчүлүккө сунасың марттыгынан.

Көргөнү сары алтынды келет элең,
Колуңду бирден бирден берет элең.
Баарысына бирден улук башты,
Баашын бир кишидей ийет элең.

Кандай шайтан айдады,
Капаланды Ай дагы.
Келериңди билчү эле,
Кеседеги чай дагы.
Керемет эле ажарың,
Келгендей жылда май айы.

Ашык болгон деңизден,
Адырандап куйат суу.
Адамдыгын Султандын,
Асылып турган туйат туу.
Ашырбай эле айталы,
Адам эле уяттуу.

# СУЛТАН ТУУРАЛУУ 2-3-КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЫРЫ

Абаман үлгү алабыз,
Адам бойдон калабыз.
Аруу тилек сыйлыкка,
Аппак жолдо барабыз.

Өрнөктүү өмүр өтөбүз,
Катчыны туурап өсөбүз.
Суусаткан маселелерди,
Суусатпай оңой чечебиз.

«А» тамгадай абабыз,
Алыс эмес арабыз.
Абабыздын жолунда,
Адашпастан барабыз.

Элдин сүйгөн жакыны,
Эгиз тоодой акылы.
Ак кызматка бой урат,
Адамдардын асылы.

Келишет эле башчылык,
Келишет эле катчылык.
Илимине таянып,
Иштейт эле так туруп.

Алладан туруп сурайбыз,
Аппак ишин улайбыз.
Ар кандай кыйынчылыкка,
Ант беребиз чыдайбыз.

# ЖУБАЙЫНЫН КОШОГУ

Оп тартат деп мүнөзүн,
Оолугат деп жүрөгүм.
О одүйнө Султан кеттиңби,
Орундалбай тилегиң.

Кашым тартат дегенсип,
Башым кантет дегенсип.
Астымдагы төгүлгөн,
Ашым кантет дегенсип.

Жеталбайбыз өргө биз,
Жетим калды бөлмөңүз.
Жакшылыктын үйүндө,
Жашап келген пендебиз.

Чөнтөгүбүз бош калды,
Үйүңүз Суке кош калды.
Үйрөнчүк бизде той-ашта,
Үйрүн таппай тос калды.

Чыныңыз сизди жоктоду,
Чырагың күйбөй токтоду.
Кара кийип унчукпайт,
Каридордун оттору.

Керемет бөлмөң кыйнады,
китептериң ыйлады.
Башкасы тынбай күнү -түн,
Бардыгы сени сыйлады.

Кийим илгич жоктоду,
Кириш-чыгыш токтоду.
Жакшы көрчү элең түгөйүм,
Жарма менен боткону.

Чакыр деди чачыгың,
Чакыралбайм катыгүн.
Чакчайып кайдан жолукту,
Чала сабат ачуу күн.

Кана дейт Султан өтүгүң,
Канны токтобойт бетимин.
Боздотуп оорусу күчөдү,
Боор эттеги өтүмүн.

Ойнолбойт эми шахматың,
Оюнга келбейт Акматың.
Өйдөлөштүн учуна,
Өчтү жетпей максатың.

Бычагың калды асылып,
Бир ойдо калдым басынып.
Жеталбай чындык түбүнө,
Жеталбай калдым кашынып.

Камчың турат илинип,
Кара көйнөк кийинип.
Чаңкаганда тамактан,
Чай да өтпөйт түйүлүп.

Кол саатың жүрбөй токтоду,
Күл болгондой оттогу.

Кайгырат саатың сени эстеп,
Кайсыл шайтан соттоду.

Самының турат эзилбей,
Санаасы ичте сезилбей.
Түртпөдүк аны кол менен,
Турат дале өзүңдөй.

Китептериң муңаят,
Калем сабың сыраят.
Суюк тамак куюлбай,
Сумсаят күндө сыраяк.

Үналгың турат буралбай,
Үйрөнчүк доошун чыгарбай.
Өзөктү эзет карасам,
Өрттөнүп бүткөн чынардай.

Сыналгың танды эсинен,
Сынгандай карып өзүнөн.
Коемун деп бурасам,
Кан тамчылайт көзүнөн.

Кабактагы бөдөнөң,
Калыптыр өлүп билбепбиз.
Жемден өлдү демек деп,
Жем сатканды тилдепбиз.

Туурдагы кушуң качыптыр,
Түртүп эшик ачыптыр.
Түшүнбөдүк таң калдык,
Туурда жылан жатыптыр.

Балбылдайт эле чачтарың,
Баланы кимге таштадың.
Кызыктуу эле жаш чагың,
Кызыңды кимге таштадың.

Үрктү эмне каштарың,
Үйүңдү кимге таштадың.
Мөңкүдү беле аттарың,
Мөөрүңү кимге таштадың.

Кош Султаным түгөйүм,
Ыраазы болсун арбагың.
Кут бейишке айлансын,
Курчап турган аймагың.

# ЭЛМИРАМА

Умай энем Элмирам,
Учурга келдиң каныман.
Айланам кызым сага мен,
Артык көрөм жаныман.

Үмүтүм ишке ашты деп,
Үгүтүм кыргыз асты деп.
Үмүтүм менен үгүтүм,
Үйүн туура тапты деп.

Акка арыка суу акты деп,
Аймагын туура тапты деп.
Аны көргөн кынтыксыз,
Азыркы ажоо башчы деп.

Алдыңа жердин батпастан,
Айламы такыр таппастан.
Айттым толкуп ыракмат,
Ак тоолор мисал шашпастан.

Элмира кызым билип кой,
Эсиңе бийик түйүп кой.
Атанын бийик ызатын,
Ала-Тоого илип кой.

Элмирамы эки эсе умай  колдо,
Элмирамы эл сүйгөн кудай колдо.
Элмирамы көрсөткөн Курманбекти,
Эй жараткан суранам жыл, ай колдо.

# АТАМЫН РУХУНА

Атыңы келем ардактап,
Арыңы жүрөм салмактап.
Айтканыңы айткандай,
Ар убак келем кармап так.

Күн менен чыгат өңүңүз,
Күндө көрүп сени биз.
Ай менен чыгат өңүңүз,
Айда көрүп сени биз.

Ак канаттуу элиңиз,
Ажайып кооз жериңиз.
Айтканы турат сүйүнчү,
Арчалуу мөңгү төрүңүз.

Ырааттуу адам экенин,
Ырастап турат мекениң.
Чыныгы адам эле дейт,
Чыгыш, батыш Чет элиң.

# ЭЛМИРАДАН

## ЭСКЕРҮҮ

Жүрөктөрдө калыпсың эскеребиз,
Жакшылардын жакшысы деп келебиз.
Көпчүлүктүн ичинде көкөлөтүп,
Сен тууралуу атайын кеп бөлөбүз.

Сен жөнүндө мактоолор көкөлөгөн,
Мактоолорду сыйлыктар жетелеген.
Көрөйүн деп аларды көзүм менен,
Көктү челип канат байлап учамын мен.

Кыбыр эткен жан калбай эскеришти,
Баатырдыкка көрсөттүк деп келишти.
Эгер берсе баатырдыкты Султанга,
Эл мүдөөсү бийлик менен төп келишти.

## УУЛДАРЫНАН - НЕБЕРЕЛЕРИНЕН

Аталар көп миңдеген,
Ала-Тоону бил деген.
Ар кандай жерде болбосун,
Адамча жашап жүр деген.
Аталар көп жүздөгөн,
Ак чындыкты издеген.
Ак ийилип баратса,
Аны туура түздөгөн.

Аталар көп ондогон,
Адамдыкты колдогон.
Аягына жеткирет,
Анык болсо жолдомоң.
Аталар бар кеңири,
Алардын даяр Теңири.
Алмуздактан ушундай,
Алардын кыска өмүрү.
Аталар бар таңындай,
Адамды сыйлайт жанындай.
Арадан турат көрүнүп,
Ала-Тоонун калындай.
Аталар бар көңүлчөк,
Алар билет бөлүнсөк.
Алар ыйлайт бекинип,
Ар кандай жерде жеңилсек.
Аталар бар уяттуу,
Алгыр шумкар сыяктуу.
Алардын алдыларында,
Абийир сактап турат туу.
Аталар бар берешен,
Аман жүр ата сен эсен.
Аталарды көтөргөн,
Аман болсун жер эсен.
Аталар көп буудайык,
Ар кандай ишке ылайык.
Адамча жүзү ыпысык,
Айга окшоп чыккан кылайып.
Ал эми биздин атабыз,
Ушулардын ичинен.
Атак, даңкка бөлөнгөн,
Аталып катчы ишинен.

# ОШТУКТАРДЫН ГИМНИ

Он жыл башта Ошту туура башкарып,
Он жыл Ошто бирдей тартип сакталып.
Он жыл Ошто план деген так болуп,
Он жыл Ошто өчпөй турду ак жарык.

Ал ак жарык Ошту таза тейледи,
Ачып көркүн Ата-Журттук бейнени.
Сый-урматы бүгүн-эртең жаңыдай,
Сулу кылып, улуу кылып дүйнөнү.

Биз Оштуктар Султан жолун жолдойбуз,
Биз айныбай Султан жүзүн коргойбуз.
Кенедей да ичибизде кара жок,
Келечектин жакшылыгын ойнойбуз.

Биз Кара Кулжа районунун тургундары ***Дөкбаев Бекмамат, Оңкенов Алтынбай, Максүтов Сайдиракман*** Ош телевидениесинен Чолпонбаев Токуштун Ибраимов Султан жөнүндөгү чыгып сүйлөгөн сөзүн угуп өтө кубандык. Биз билебиз, Ибраимов Султан Оштун эли үчүн эбегейсиз зор эмгекти жараткандыгы, аксакалдардан тартып, эс тарткан балага чейин белгилүү десек жаңылбайбыз. Ибраимов Султан өзүнүн он жылдык ишинде Оштун кабыл алган пландары бардык мезгилдерде аткарылып туруптур.

***Оңкенов Алтынбай*** райондук көрктүү, ардактуу атуулу жана ат боюнча саяпкер.

***Максүтов Сайдиракман*** Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген мугалим, Эл Агартуу төш белгисинин мыктысы, мугалим методист, жогорку биринчи категориядагы мугалим.

Султан Ибраимовду мен көрүп ушундай ойго келгенмин. Оң жагынан жолборс, сол жагынан илбирс ээрчип коштоп жүргөндөй уул эле дейт ***Мамытов Абакир*** Социалисттик Эмгектин Баатыры.

Мен С.Ибраимовдун акылдуу жетекчи экендигине таң калган жерим бар дейт –***Шарип Жээнбеков.***

Султан Ибраимов мен үчүн өтө зиректүү маселени туура чечкендиги менен эсимде калды дейт ***Орозбек Акимбаев.***

С.Ибраимовду өзүмдүн иш мезгилдеримде анын көрүнүктүү жактарын колдонуп да жүргөндүгүм бар деп эскерет ***Бүргөбаев Болотбек.***

С.Ибраимов ар кандай жыйындарды башкарганда анын кыраакылыгы мени таң калтырчу дейт ***Токтомамат Жээнбеков.***

С.Ибраимовдун өтккүрлүгү ааламда жоктой сезилген. Менин эсимде калганы ушул деп эскерет ***Сөлпүев Суранбай.***

С.Ибраимов экинчи Исхак Раззаков десем туура болот дейт ***Исак Акимкулов.***

Мен жетекчиликте С.Ибраимовдун колдонмолорун жыйындан кийин үйдө, иште күндөлүк жазып жүргөндүгүм бар деп эскерет ***Кеңеш Дыйканов.***

С.Ибраимовдун боорукерлиги менин бооруман орун алды деп жүрөм. Анткени, бизди обкомдун жыйынына төртөөбүздү алып барган. Төртөөбүздү тең сынга алып туруп партияда калтырып койду деп сүйүнүп эскерет ***Рыспай Аралиев.***

С.Ибраимов чыныгы периште колдогон жетекчи эле дейт ***Абдыразак Мурзаибраимов.***

Ал эми ***Т.Оморкулов*** минтип ырга кошуптур:
Жолу менен кийик экен,
Жөнөкөлүгү бийиктеп.
Алтындай Оштун уулу элең,
Аселин тоонун илип жеп.
Нарктуу катчы болгонсуң,
Насиби менен жилик жеп.

Ал эми ***Саип Көкөев*** Токойлук агайды туурап ырдап ийсе болобу.
Сөздөрү бизге бел эле,
Сөөлөтү таттуу жан эле.
Турпаты шумкар кан эле,
Тирүүдөй сезем дагы эле.

Ал эми ***Малабаев Өмүрали*** өзүн өзбек улутунан С.Ибраимовду көргөндө чоң деңиздин үстүндө жыргап сүзүп бара жаткандай болот элем деп эскерет.

С.Ибраимов чыныгы башкарууну өтө жогору билген практик эле–дейт ***Абды Наркулов.***

С.Ибраимов жөнөкөйлүгү менен гана айырмаланбастан, ал жогорку этикалуу

инсандыгы менен да белгилүү эле деп эскерет ***Абдраимов Бөрү.***

Мен Ушинский атындагы орто мектепте биология мугалими болуп иштеп жүрүп жүгөрүчүлүк бригаданы жетектеп жүргөнүмдө обкомдун бир жыйынына катышып С.Ибраимовдун эң жогорку даражадагы адам экендигин сезгендигим бүгүн дагы эсимен кете элек деп таң калуу менен сөз кылып жүргөндүгүм эч качан эстен кетпейт деп эскерет ***Эшмамат Айдаров.***

Мен С.Ибраимовду өзүнчө бир тарбия мектебиндей сезер элем. Чынында эле Султандай жетекчи дайым эле жары кдүйнөгө келе бербейт. Республикада үч кыйын жетекчи болсо анын бири С.Ибраимов эле дейт- ***Маматкадыр Жээнбеков.***

С.Ибраимовду мен бир нече жолу көргөнмүн. С.Ибраимовдой жетекчини азыркы мактанган коомубуздан көрө элекмин. Издеп дагы таба албайсың. Султановдун өмүрүн ким кыйган болсо ал тозок отуна түшсүн. Ал бүтүн кыргыздын тамырын кыйды деп эсептеймин. Анткени, Ибраимовдой кадрдын табылышы же өсүп чыгышы кыйын жана татаал дейт ***Уметов Эшен.***

С.Ибраимов мен коммунистик партиянын мүчөсү катары областык бир нече жыйындардын күбөсүмүн. Султан адамдын Адамы. Жетекчинин жетекчиси. Чыныг Исхак Раззаковдун улантуучусу деп айтсам туура болот–дейт ***Сайдин Раматиллаев.***

Ал эми ***Исираилов Акбарали*** С.Ибраимовдун жөнөкөйлүгүн, адамгерчилигин төмөндөгүдөй баяндайт: -Мен обком комсомолуна ишке орношууга барып С.Ибраимовдун кабыл алуусунда болдум. Ишим бүткөндөн кийин мейманканага барсам орун жок деп койду. Түн кирди. Көчөдө келе жатсам бир «Волга» тушума келип токтоп калды. «Волганы» айдаган киши чыгып волгага отуруң деди. Карасам С.Ибраимов экен. Ыңгайсыз абалда калдым. Бир үйдүн жанына Султан Ибраимов түшүп калды. Шоферу мени алып жөнөндү. Бир карасам мейманканага келген экенбиз. Мага шоферу орун алып берди. С.Ибраимов тубаса жетекчи экен. Ал жасаган докладында бир дагы ашыкча сөз болбойт эле. Султандын тазалыгы тоодон түшкөн булак суудай болчу. Султандын логикасы деңиздей чайпалык турчу. Султан бюрону өткөргөндө ар бир каралуучу маселенин ээси ыраазы болот эле. Анын ичинен көп маселелерди жепжеңил, оңой-олтоң гана

бир кишини дагы наразы кылбай чешчү эле.

***Туратов Дүйшөбай:*** -Брашюранын автору Чолпонбаев Токуш жазгандай С.Ибраимов кыргыз үчүн бир келген дөөлөт эле, шер эле.

Ал аска, тоо, деңиз, аба, суу, кел-кел десек кымындай жаңылыштык болбос эле дейт ***Бостоева Анаркан.***

Алмуздактан бери айтылган, жомок эмес бир чындык бар. Ар кандай инсан бийликке келгенде анын ким экендиги эл тарабынан бааланат эмеспи. Эл тараза деп бекеринен айтылбаса керек. Ошол себептен С.Ибраимов бийликке келгенде эл ичинде жылуу сезим жана кабыл алуу дүркүрөп таркай баштады. Ошол сезим бара-бара элдик сүйүүгө айланып, он жыл бою областы башкарды - дейт ***Маманов Алтымыш.***

Менин С.Ибраимов жөнүндөгү кабылдоом өзгөчө. Муну бир факт менен далилдегим келет. Мен автолавкада иштеп жүрүп С.Ибраимовдун айылдын жыйынында көрүп таң калган учурум бар. Менин көзүмө чыгып сүйлөп жатканда оң жагында бир жолборс, сол жагында бир шумкар конуп тургандай элестеди.

Жанымда турган бир инсанга кайрылып Ибраимовдун жанындагы жолборсту же шумкарды көрдүңүзбү десем, сүйлөбөчү эч нерсе көрүнбөйт деп жооп берди – дейт ардагер ***Жорокулов Зулпкар.***

Мен ***Эгешова Каньшай*** областык бир жыйынга катышып Султан агайдын жетекчи катары эң туура коюлган экен деп ичимен сүйүнүп койдум. Султан агайдын докладында аялдар маселеси жөнүндөгү анализдер болдоу. Өтө жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Бүгүн дагы эсимде Султан агай. Областык партия комитетин жетектеп келгендигин бардык жерде эң жогорку баалар менен аныктамалар күн сайын, жыл сайын кылым өтсө дагы күндө жаңыдай сезилери анык. Ал эми көп жылдык өмүрүн партиялык иште иштеп келген Эргеш Осмонов өз убагында Султан жөнүндө бардык мактоолорду угуп жана көрүп, билип жүрүп кубангандан ырдап жиберген экен:

Жетекчи элең жетилген,
Жетиген жанып теминген.
Балдарыңа жуккандыр,
Бал татыган эсиңден.

Ал эми бул жерде С.Ибраимов Кара Кулжа районуна анык биринчи катчысы ***Мусаев Тайлакбайга*** сыйлык тапшыруу убагын көрүп турасыздар.

Султан Ибраимов чыныгы жетекчи катары бардык учурда мага өтө таасир калтырчу деп ***Орозбек Акимбаев*** кызыктуу, көлөмдүү Султан Ибраимовдун 80 жылдыгына арнаган макаласында даана көрсөтөт.

Дагы бир инсан Султан Ибраимовдун жогорку маданияттуулугу тууралуу өтө кеңири макаласында көп нерселерге кайрылып, анын Ибраимовдун он жылдык иштеген иштерине таазим эткендей эскерет ***Бийкыз Кадырбаев.***

# ОШ ЭЛИНИН СУЛТАН ИБРАИМОВ ТУУРАЛУУ АК ЖҮРӨКТӨН ЧЫККАН НАКЫЛ КЕПТЕРИНЕН:

Ошко ишкердүү чоң келди,
Ошол үчүн иши оң келди.

Оштун уулу болду,
Оштун кыйыны болду.

Оштун жарыгы болду,
Олжолуу тарыхы болду.

Сүйүнүчтүү күндөр болду,
Сүйүнгөндөр үндөр болду.

Жайытыбыз малга толду,
Кырманыбыз данга толду.

Эгин көп болду,
Эки эсе чөп болду.

Көңүлүбүз ток болду,
Кумарсыздык жок болду.

Барчылык болуп турду,
Байлыгыбыз толуп турду.

Айылыбыз оңолду,
Тетири баскан жоголду.

Өкүм сүрдү барчылык,
Ардан кетти жокчулук.

Айкөлдүк тамыр жайды,
Акындар жаңы ыр жазды.

Берешендик белге чыкты,
Бейкуттук элге чыкты.

Оштун агы агып турду,
Оштук жылдыз жанып турду.

Оштук дөөлөт келип турду,
Ошко нанды берип турду.

Оштун жайы салттуу келди,
Оң көз менен нарктуу келди.

Оштун жазы көрктүү келди,
Ошко оомады бөрктүү келди.

Оштун күзү байлык берди,
Оштук элге айлык берди.

Оштун кышы сууну берди,
Өңү өчпөгөн тууну берди.

Оштук майрам өтүп турду,
Ой-максатка жетип турду.

Кыргыз салты сызылган жок,
Кымындай да бузулган жок.

Оштук иттер улубады,
Улуса эле куруганы.

Оштук мыйзам так иштеди,
Ойдолобой сак иштеди.

Сулайман тоо колдоп турду,
Сапар тарткан жолдоп турду.

Ак-Буура тунук акты,
Ар күнү сылык акты.

Ош булак ырдап турду,
Оо тоба деп жыргап турду.

Ош электир өчкөн жок,
Орой жарык кеткен жок.

Алдынан мышык өткөн жок,
Ал барар жерге жеткен жок.

Көк көздүн көзү өтпөдү,
Көгөргөн максатына жетпеди.

Кирене деген кирген жок,
Кир оокатты билген жок.

Эл десе боюн урчу эле,
Эмгекке катуу турчу эле.

Сылыктыгы жагынан,
Сыпайы эле абыдан.

Айткан сөзү эп болчу,
Айылда мактоо кеп болчу.

Ыйманы ысык көрүнчү,
Ырыскысы төгүлчү.

Кыргызды ойлоп күнү-түн,
Көтөрбөй көккө жүрүшүн.

Курабыз десе каналды,
Колдоочу эле жаранды.

Жылдызы жанчу көзүнөн,
Жыттанчу арча сөзүнөн.

Ак жорго минсе жарашчу,
Айыл бүт чыгып карашчу.

Кара ат минсе жарашчу,
Калың эл чыгып карашчу.

Сур жорго минсе жарашчу,
Сулуулар чыгып карашчу.

Кер жорго минсе жарашчу,
Келишип элдер карашчу.

Тоого келсе ат менен,
Түштүктүн эли жат деген.

Адашпай Оштун булагын,
Ардагы эле жыл анын.

Аттарын элдин жаттачу,
Ар дайым элге каттачу.

Жылдын окуп керегин,
алып келип турчу белегин.

Майрамдарды унутпай,
Эл көзүнө көрүнчү.
Эң бийиктеги булуттай.

Китепти сүйүп окуган,
Көрүнүп турчу чокудан.

Инсан эле кеңири,
Изилдеп болдук теңиңи.

Жогору тарткан түшү эле,
Жолборсу бар киши эле.

Аныгын көргөн түшү эле,
Арстаны бар киши эле.

Жамгырды жандай сүйчү эле,
Жалпыга тегиз жүрчү эле.

Көк гүлдөрдү жыттаган,
Көңүлү көккө куштаган.

Кыялы ушчу  көк менен,
Кедейден кыя өтпөгөн.

Кедейге берип жардамын,
Кем көрбөгөн калганын.

Айылдын бири болду эле,
Атуулдук атка конду эле.

Уруунун бири болду эле,
Улук атка конду эле.

Айылдын ичин билчү эле,
Айылдаш деп жүрчү эле.

Кыштактын жеп каймагын,
Ичинде кетти арманың.

Ыймандуу эле жүргөнүң,
Ызаттын көрдүң түрлөрүн.

Жаныбыздан жоготтук,
Сендей улуу адамды.

С.Ибраимов жогорку кызматта жүрүп, кыргыздын атын аябай сыйлачу экен. Мисалы, Тоготой айылында бир чоң улак болуп, ал тамашада Калматаев Жөргөштүн күрөң аты кайнап турган жерден алып чыккандыгын жана райондо ал атка эч кандай ат тең келбегендигин уккан экен. Атайы келип атын көрүп кеткендиги жөнүндө эл арасында айтылып жүрөт.

Мен ***Баатыров Мариш*** 25 жылдык иш үстүндө көп эле инсандар менен иштешкенмин. ал жарандардын ичинде прокурору менен, соту менен, милициясы менен эң төмөнкү катмардагы кызматкерлери менен, звеновой менен, бригадир менен, фермер менен, башкарманын орун басары менен, башкарма менен райондук деңгээлдеги көп кызматкерлер менен областын территориясындагы бүт кызматкерлер менен кала берсе республикалык деңгээлдеги бардык кызматкерлер менен сүйлөшкөн адаммын. Айрыкча мен чарбачыл адам болсом дагы журналисттер тобуна көп көңүл бурчумун. Чыгып аткан газета-журналдардын башчылары менен дайыма тыгыз байланышта болдум. Аларга салыштырмалуу С.Ибраимовдогу сапат-тар, мамилелер бул кишинин эң жогорку баалай турган жагы өтө жөнөкөйлүгү адамды жекеме жеке баалагандыгы мени таң калтырып келди. Бир топ жыл областык деңгээлде С.Ибраимовдун жетекчилиги астында өткөн бюролорго күбөдөр болгонмун. Бир мисал келтирейин: Бюросунда үч кишини партиядан чыгаруу жөнүндө маселе каралып калды. Үч кишинин сүйлөгөн сөзүнөн кийин, бир дагы ачуусу келген жок. Үчөөнү карап туруп партияда калтырды. Ал эми үч кишинин кылмышы

партияда орун жоктой сезилген эле. Залда отурган адамдар чыгып бара жатып бири-бирибизди карап абдан бир чооӊ нерсени көргөндөй болуп сездим. Бул киши менин чарбама келип эки-үч жолу чогулушка катышты. С.Ибраимов областык партия комитетинин биринчи секретары болгону менен мага катардагы жөнөкөй бир кызматкердей сезилчү. Мына мен ушул Ибраимовдун дүнүйөдөн кайтыш болгонун угуп аалам тегеренгендей болуп капа болдум. Өзүмүн дагы жүрөк оорум бар эле, жүрөк оорум кармап калып бир апта өзүмө келе албай жүрдүм. Бул инсандын дагы бир өзгөчөлүгү аркасынан бир дагы киши С.Ибраимов начар жетекчи болду деген сөздү уккан жокмун. Каерге барбайын, каерде болбойун бардык жерде мактаганы мактаган. Кыйын болду. Кыргыз элинин келечектүү кадры биздин арабыздан кеткендиги кыргыз эли үчүн оор жоготуу болду. Мейли турмуш ушундай. Тагдыр ушундай. Тузу түгөндү, эмне кылабыз. Колубуздан келбейт экен. Кош Султан деп ичимен күӊк этип койдум.

Султан Ибраимовдун 80 жылдыгнына карата ***Бийказ Кадырбаев*** Кыргыз Республикасына эмгеги сиӊген экономист, ардак белгиси орденинин ээси анын өтө жогорку маданияттулугун көлөмдүү статьясында абдан анализдеп көрсөткөн.

Султан Ибраимов трайбализм дегенди көп жерде сүйлөсө дагы, кадр тандоодо дагы ички тышкы саясий маселелерде дагы бир дагы оюна келчү эмес. Ошол себептен жараткан Ош дубанынына жетекчиликти узак убакыт бергенби деп ушул күнгө чейин ойлоно берем.

***Мурзали Абдракманов***

Үлгүлүү орто мектебинде Мен Эрмекбаев Таабалды мугалим болуп иштеп турганда балдар менен совхоздун талаасында элек. Кокусунан бир машина келип биздин жаныбызга келип токтоп калды, анын ичинен чыккан киши Ибраимов Султан экен. Бутунда кийген керзовый өтүгү, кийген кийимдери аябай чаң болуп калганы өтө жөнөкөйлүгүн далилдейт.

Адамдын улуулугун бою аныктабагандай
эле, элдин улуулугун саны аныктабайт.
*Виктор ГЮГО.*

Адамзат эңкейишке аккан дарыя, аны
артка агыза албайсың.
*Антуан РИВАРОЛЬ.*

Адилет соттун кылычында кын жок.
*Жозеф МЕСТЕР.*

Акча – согуштун кыймылдаткыч күчү.
*Марк ЦИЦЕРОН.*

Акыйкатсыздык өкүм сүргөн жерде –
эркиндик жок, эркиндик жок жерде –
акыйкатсыздык өкүм сүрөт.
*Иоганн ЗЕЙМЕ.*

Акыйкатчыл адам –бактылуу адам.
*Жан Жак РУССО.*

Султан Ибраимов дүйнөлүк ойчулдардын
айткандарын жатка билчү жан эле.
Өзүңө эркиндик каалагың келсе, аны
бирөөгө ыраа көр.
*Симона де Бавур.*

Президенттин далдаасында дайыма
бирөөлөр жүрөт, алардын кимдер экенин
билиш үчүн көрүнөөгө чыгарыш керек.
*Кин Хаббард.*

Күн ак сарайга да, кепеге да текши тийет.

*Уильям Шекспир.*

Мамлекеттик ишмердин жүрөгү башында болушу керек.

*Наполеон1.*

Мамлекеттик ишмер чындыкты айтышы керек. Унчукпаганы – алдаганы.

*Сен –Жон –Перес.*

Мансап сүйгөн адамдан акыйкатты күтпө.

*Вашингтон Олстон.*

Мезгил өзгөрүлөт, биз да өзгөрүлөбүз.

*Квинт Гораций.*

Мезгил өтпөйт, биз өтөбүз.

*Пьер Ронсар.*

Менин кул да, кожоюн да болгум келбейт. Демократияны мен ушундайча түшүнөм.

*Авраам Линкольн.*

Министрлерди тез-тез которгон жаман, бирок, жаман министрлер ордунда калышса – андан бетер жаман.

*Пеле де ла Лозер.*

Саясат- бул илим эмес, искусство.

*Отто Бисмарк.*

Түбөлүктүү дос да жок, түбөлүктүү касс да жок, кызыкчылыктар гана бар.

Отто Бисмарк.

Тынчтыкты кааласаң – ага кара жаныңды карч уруп, өмүрүңдүн ар бир күнүн арна, ар бир күнүңдүн ар бир саатын арна.

*Арнольд Цвейг.*

Убакыт – улуу мугалим.

*Эдмунд Берк.*

Чынчылдык- чыныгы күч, аны митаамдар гана түшүнбөйт.

*Артуров Граф.*

Шайы ooздук – баары бир ooздук.

*Калил Сиббер.*

Эгерде кудай теңчиликти сүйсө, жакшы адамдарга –жакшылыкты, жаман адамдарга –жаманчылыкты ыйгарбайбы. Бирок, таптакыр андай эмес.

*Квинт Энний.*

Эгерде «меники», «сенники» деген түшүнүктөр жок болсо, жер жүзүндө санжыргалуу бейпилчилик орнойт эле.

*Генри Филдинг.*

Эки гана нерсе адамга кудай тариздүү касиет берет: коомдун жыргалчылыгы үчүн жашоо жана чынчылдык.

*Пифагор.*

Элге цивилизациядан акыйкат артык.

*Пьеро Коллетта.*

Элди кээде алдаса болот, бирок, сатып алуу мүмкүн эмес.

*Жан Жак Руссо.*

Эркиндик менен ден соолук окшош: алардан ажыраганда гана «аттиң!» дейсиң.

*Анри Бек.*

Эркиндиктин дарагы кез-кез патриоттор менен тирандардын канына сугарылып турушу керек. Бул –ал үчүн табигый азык зат.

*Томас Джефферсон.*

Адабият – бул күнкор эмес, эркин өнөр, эгер ал сатылгыч болсо баасы сокур тыйын.

*Николо Фосколо.*

Адабият – коомдук кубулуш.

*Генрих Манн.*

Адамдын акылдуулугу берген жообунан эмес, берген суроосунан билинет.

*Гостон де Левис.*

Акын сүрөткердин мейкини чексиз.

*Виктор Гюго.*

Акындар таманын соргон аюуга окшош.

*Иоганн Гете.*

Акынды түшүнөм деген анын туулган жерине барсын.

*Иоганн Гете.*

Ак куунун көркү -суудa. Суусуз жерде казга тең.

*Жильбер Сесрон.*

Акылдуу ойлор унутулат, бирок өлбөйт.

*Публилий Сир.*

Америкада президент төрт жыл бийлик кылат, а журнализм-түбөлүк.

*Оскар Уайльд.*

Ар бир өрттөлгөн китеп дүйнөнү жарык кылат.

*Ралф Эмерсон.*

Архитектура- сенип калган музыка.

*Фридрих Шеллинг.*

Асыл ташка кир жукпайт.

*Даниель Зандерс.*

Атак-даңк мыскылдап ичкен уу.

*Оноре де Бальзак.*

Бар мүмкүнчүлүгүн жумшап, бирок жеңишке жетишпегенди айыпташ бекер.

*Джордж Вашингтон.*

Бирдеме айтам деген эмес, айтар сөзү бар адам жазуучу болот.

*Фицджеральд.*

Жазуучу не бир шумдук кереметтерди жаратып салып, бирок, көрүнбөй жүргөн кудай сыңары жупуну болушу керек.

*Густав Флобер.*

Живопись-бул көз менен көрчү поэзия, а поэзия бул кулак менен укчу живопись.

*Леонардо да Винчи.*

Издегенге –адашуу парз.

*Иоганн Гете.*

Келдим, көрдүм, жеңдим.

*Гай Светоний.*

Келесоолор жазганды келесоолор окуйт.

*Марк Твен.*

Келесоолор-өз жаңылыштыгынан, акылдуулар –өңгөлөрдүн жаңылыштыгынан таалим алат.

*Отто Бисмарк.*

Кол чабуулар-акылдууларга камчы, кем акылдарга –сөөлөт.

*Чарл Колтон.*

Тоо үстүндө кумурскага да канат бүтөт.

*Мигель де Сервантес.*

Туруктуу болгондун кажети аз, чынчыл болуш керек.

*Ральф Эмерсон.*

Уксун десең- кыйкырып айт, тыңшасын десең –шыбырап айт.

*Франсуа де Ларошфуко.*

Ушакка унчукпасаң-өзү эле жаагы жап болот.

*Публий Тацит.*

Фашизм-бандиттер ойлоп тапкан алдамчылык, ага жан тарткан жазуучу кысыр калган дарактай.

*Эрнест Хемингуей.*

Чоң акындар чыгыш үчүн чоң аудитория керек.

*Уолт Уитмен.*

Чындык асыл таш сыңары, аны коздоп, нурдантып, сонундоонун эч кажети жок.

*Джордж Сантаяна.*

Чындык –ашыкпайт, анткени, анын басар жолу алыс.

*Артур Шопенгауер.*

Көп учурда кооз уйкаштар чолок ойлорго балдак катары кызмат кылышат.

*Генрих Гейне.*

Композитор-бул да акын.

*Людвиг Ван Бетховен.*

Кээде көрүүчүнү ыйлаткан драматургду мактašат, андай талант пиязда да бар.

*Генрих Гейне.*

Мактанчаак суроолор болбойт, мактанчаак жооптор болот.

*Оскар Уайльд.*

Менин китептерим –суу, генийлердики – шарап. Сууну болсо –ар бир адам ичет.

*Марк Твен.*

Мыкты сынчы –мыкты жазуучу.

*Абель Вильмен.*

Падышалардын кулаганы –тыйынчалык, мен үчүн накта алаамат – дыйкандын өрткө кеткен үй-жайы.

*Иоганн Гете.*

Сөз түгөнгөн жерде –музыка башталат.

*Эрнест Гофман.*

Адамды жалаң гана аткарган ишинен эмес, умтулуусунан да баалаш керек.

*Демокрит.*

Адамды өлтүрүүгө болот, бирок жеңүүгө болбойт.

*Эрнест Хемингуэй.*

Азезилди алдаган –күнөө эмес.

*Даниель Дефо.*

Айкөл жүрөк мухит сыңары. Ал эч качан тоңбойт.

*Карл Берне.*

Акылдуу адам кечиримдүү.

*Адам Мийкевич.*

Акын менен аргымакка семирген жарашпайт.

*Карл IX.*

Ар адамдын жүрөгүндө өз элинин кичинекей сүрөтү жүрөт.

*Густав Фрейтог.*

Чындык-дайым энеден туума жылаңач болот.

*Томас Фуллер.*

Чындыктан коркпогон адам –калптан да коркпойт.

*Томас Джефферсон.*

Чыныгы акындар-пайгамбарлар.

*Пьер Леру.*

Ыйлактаба, ырсаңдаба, түшүн.

*Спиноза.*

Ыр-гүлдөн жасалган Терезе.

*Иоганн Гете.*

Эгер сен бактысыз болсоң –аныңды окруманыңа айтпа.

*Исидор Лотреамон.*

Эгерде китепте жазылгандардын сексен гана проценти чындык болсо, ал китеп жүз процент жалганчы.

*Жак Ростан.*

Экинчи ирет окулбай турган китеп бир жолу да окулгандан айлансын.

*Карл Вебер.*

Эң коркунучтуу калп-бурмалап айтылган чындык.

*Геор Лихтенберг.*

Ата болуш – оңой. Атанын милдетин аткарыш кыйын.

*Вильгелм Буш.*

Баатырлардын өлүмү күн баткандай.

*Карл Маркс.*

Байлыгың-досуң эмес, досуң-байлыгың.

*Иоанн Стобей.*

Балдарыңдан күткөн мамилени ата-энеңе өзүң жаса.

*Джакомо Леопарди.*

Бийликке жеткен досуңдан ажырадым дей бер.

*Генри Адамс.*

Билимдүүлүк –көп билгенге эмес, колдоно билгенде .

*Адольф Дистервет.*

Бирөөнүн сырын айтыш- чыккынчылык, өз сырыңды айтыш –макоолук.

*Вольтер.*

Гений-бир процент шык жана токсон тогуз процент аракет.

*Томас Эдисон.*

Дипломат-аял кишинин туулган күнүн унутпайт, бирок, жашын билбеген адам.

*Роберт Фрост.*

Душмандан арылыш үйүн –аларды дос кылып тын.

*Генрих IV.*

Жакшы нерсе –дайыма сейрек.

*Марк Цицерон.*

Жакшы хирургдун көзү -бүркүттүкүндөй-арстандыкындай, колу аялдыкындай болушу керек.

*Джон Рей.*

Жалган досторуңдан өзүң сактан, душмандарыңды мага кой.

*(Поляк королу Ян Собескейдин кылычындагы жазуу).*

Жаман дос-душмандын мыктысы.

*Жан Батист Мольер.*

Жек көрүүнү жашырса болот, сүйүүнү жашырса болот, асты көңүл коштукту жашырыш кыйын.

*Карл Берне.*

Жүз мугалимден жалгыз ата артык.

*Джордж Герберт.*

Жүздүн кызарганы – адам баласындагы касиеттердин эң мыктысы.

*Чарльз Дарвин.*

Жыргап уктайм десең – төшөккө таза абийириң менен жат.

*Бенджамин Франхлин.*

Ит менен мышык достошсо – ашпозду кудай сактай көр.

*Стефан Цвейг.*

Ичи жарык адамдын –жүзү да жарык.

*Иоганн Шиллер.*

Калптын канчалык пайдалуу экенин аялдар менен врачтар билет.

*Анатоль Франс.*

Кармашка башты байладык, калганын көрө жатарбыз.

*Напалеон I.*

Карт дарак жакшы күйөт, картаң аттын жүрүшү тынч, эски китепти окуган кызык, эски шарапты ичсең жагымдуу, эски досторуң ишенимдүү.

*Леонард Райт.*

Качкан душманга алтын көпүрө сал.

*Публий Сципион.*

Ким аз ойлонсо –көп жаңылат.

*Леонардо да Винчи.*

Ким убада берсе – ал карыздар.

*Фридрих Гагедорн.*

Көп адамга бакыт тартуулаган адам-бактылуу.

*Дени Дидро.*

Курман болгондорго эңкейген адам-бардыгынан бийик.

*Роберт Ингерсолл.*

Мен адаммын. Адамдагы бардык касиет мага жат эмес.

Публий Теренций.

Нан, тузсуз жашоо жок, Ата-Журтсуз жашоо жок.

*Виктор Гюго.*

Начар досуң болгуча, начар душманың болсун.

*Генри Шоу.*

Өз абийириңдин алдында таза бол, эл эмне десе ошо десин.

*Мигель де Сервантес.*

Өзгөнүкүнө көз арткан-өзүнүкүнөн ажырайт.

*Федр.*

Өз ишенимин коргой алган –мыкты жоокер.

*Александр Гумбольдт.*

Өзүн сүйгөн – өзгөлөрдү жек көрөт.

*Фелисте ламенне.*

Өзүңдү өтө сүйсөң-өзүңө өтө душмансың.

*Эбиер Эшенбах.*

Өңгөлөр сени сүйбөсө да, кадырлоого тийиш.

*Бернар Фонтенель.*

Өңгөнү багынтсам, мени да басынтканың.

*Уолт Уитмен.*

Сени аяган –до эмес, сага жардам берген дос.

*Томас Фуллер.*

Соргоктун өзүн тойгозсоң да, көзүн тойгозо албайсың.

*Уильям Кэмден.*

Толтура аякты аяр көтөр.

*Томас Фуллер.*

Топугу жок бай-кедейдин кедейи.

*Эраэм Роттердамский.*

Улуу даамдар эч бир ишти чалагайым жасашпайт.

Христофор Виланд.

Улуулардын өмүрү өлөр замат башталат.

*Жан Люсьен Арреа.*

Улуу нерсе менен күлкү болчу нерсенин ортосу –бир аттам.

*Напалеон I.*

Үн-сөзү жок эң мыкты үгүтчү-кумар.

*Бенджамин Франклин.*

Үч адам билген нерсени –жүз адам Иоганн *Агрикола.*

Чоң жакшылык үчүн кичинекей да жамандык жасаба.

*Блез Паскаль.*

Чындыкты укканды жакшы көрсөң, чындыкты сүйлөй бил.

*Юзеф Крашевский.*

Экинчиси билбеген сырды экөөлөп жашырса болот.

*Уильям Шекспир.*

Энее тилиң менен Ата Журтуңдун кадырын чет жерден билесиң.

*Густав Фрейтаг.*

Султан Ибраимов дүйнөлүк ойчулдардын накыл сөздөрүн жатка билүү менен бирге аларды өзүнүн сүйлөгөн сөзүндө дайым колдонулганы уккандарды таң калтырчу.

# КЕҢЕШЧИ БОЛГОН

Шарипти Шарип кылган,
Шарданалуу тарых кылган.
Шарип менен Токтомаматка,
Оомадылуу азык кылган.

Арыктын алышын чапкан,
Ардактуу инилерди тапкан.
Аларды эл бийлейт деп,
Ак тилек менен баккан.

Бири болду жөлөгү,
Бири болду өбөгү.
Эрмаматтин эмгегин,
Экөө окшош төлөдү.

Ыраазы болуп абасы,
Деңиз болуп чайпалды.
Түрдүү суук тумоодон,
Тып жолотпой кайтарды.

Экөөнө кылган мээнетин,
Эрктүү-эстүү эл билет.
Чатагы жок апачык,
Чакан таштай төр билет.

Ибрагимов султанга,
Дайым болгон кеңешчи.
Адамды бөлүп баалаган,
Адамгерчилик эмеспи.

Султан көргөн түштөрүн,
Эрмаматка жоруткан.
Эрмаматтин акылына,
Султан жүргөн болуп таң.

Оюндагысын аткарган,
Он жыл Ошту башкарган.
Биймырзалык Эрмаматтан,
Бийик тоодой бата алган.

Көзү ачык Ибраимов,
Кээ кишиден шектенет.
Ал эми эл башкарган Эрмаматти,
Кызырым деп эскерет.

Эрмамат менен султан,
Айына үзбөй көрүшкөн.
Анысына күбөмүн,
Ага инидей өбүшкөн.

Экөө бирдей улуулар,
Эл деп келген жарыкка.
Экөө окшош айтылды,
Эл оозэки тарыхта.


# СУЛТАН ИБРАИМОВДУ СЫЙЛАГАНДАР



*Жээнбеков Шарип*



*Раматилдаев Сайдин*



*Аралиев Рысбай*



*Маманов Алтымыш*

***Калматаев Жөргөш*** ***Эргешова Каньшай***

***Эргеш Осмонов*** ***Жорокулов Зулпукар***





***Жээнбеков Эрмамат*** ***Уметов Эшен***



***Ибраимов Султан Кара-Кулжа районуна сыйлык тапшыруу учуру***





***Абдраимов Бору-Мухаммед***

***Айдаров Эшмамат***





***Эрмекбаев Таабалды***

***Маматкадыр Жээнбеков***



***Туратов Дүйшөнбай***



***Наркулов Абды***



***Көкөев Сайип***



***Дыйканов Кеңеш***


Сөлпиев Суранбай


Акимкулов Ысаак


Мурзали Абдракманов


Абакиров Мамат



***Токтомамат Жээнбеков***



***Акимбаев Орозбек***



***Малабеков Өмөрали***



***Мырзаибраимов Абдразак***



*Оморкулов Токойлук*



*Мариш Батыров*

*Султан Ибраимов*



*дайым тирүү*

**Мазмуну**

Султан………………………………………… 3
Оштуктардын өкүрүгү................... 39
Султан тууралуу 2-3-класстын окуучуларынын ыры……………… 50
Жубайынын кошогу………………. 51
Элмирама……………………………. 55
Атамын рухуна……………………. 56
Элмирадан Эскерүү............................................ 57
Уулдарынан – неберелеринен……. 57
Оштуктардын гимни……………… 59
Ош элинин Султан Ибраимов тууралуу ак жүрөктөн чыккан накыл кептеринен:......................... 68
Кеңешчи болгон............................ 93
Султан Ибраимовду Сыйлагандар………………………. 95

**Токуш Чолпонбаев**

# *СУЛТАН*

**(Ода – даңаза)**

Редактор: Жороев Т.
Корректор: Макиев Ж.
Акматова Ж.
Тех.редактор: Тойчубаев А.А.
Дизайнер: Ыкыбал уулу Элдияр

---

Терүүгө берилди 01.06.2014-ж. Басууга 10.08.2014-ж.
Кагаздын форматы 84х60 1/16. 6,5 б.т.
Буйрутма №37. Нускасы 100.
Ош шаары Курманжандатка көчөсү 236

---